**Маразыков Турусбек Сейдакматович**
Ж.Баласагын атындагы КУУ, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, ф.и.д., профессор. adsdi@inbox.ru, https://orcib.org/ 0009-0005-5252-6164
**Т.С.Маразыков**
КНУ им Ж.Баласагына, член-корр. НАН КР, д.ф.н., профессор
**T.S. Marazykov**
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn, Corresponding member of NAS KR, Doctor of Philology, Professor

# КӨРКӨМ ТЕКСТТЕ КААРМАНДАРДЫ СҮРӨТТӨӨ МАСЕЛЕСИ

# ПРОБЛЕМА ИЗОБРАЖЕНИЯ ПЕРСОНАЖЕЙ В ХУДОЖЕСТВЕННОМ ТЕКСТЕ

# THE PROBLEM OF CHARACTER PORTRAYAL IN LITERARY TEXT

**Аннотация.** Макалада көркөм чыгармада сүрөттөлгөн каарман башка каармандар менен диалектикалык карым-катышта сүрөттөлүп, чыгарманын жалпы образдар системасы жаратары, көркөм текстте образдар системасы бир эле учурда сүрөттөлүп жаткан ошол коомдук жашоо-турмуштагы обьективдүү мамилелерди, аларга карата автордук көз карашты жана баяндалып жаткан чындыкка, болмушка болгон автордун мамилесин чагылдырып турары жөнүндө конкреттүү факт-материалдардын негизинде илимий маалыматтар берилген.

**Өзөктүү сөздөр:** көркөм текст, көркөм каарман, образдар системасы, доордун көркөм элеси, коомдун көркөм образы, автордук көз караш, көркөм-этетикалык концепция ж.б.

**Аннотация**. В статье на основе конкретного фактического материала представлены научные сведения о том, что художественный персонаж изображается в диалектическом взаимодействии с другими персонажами произведения, формируя тем самым целостную систему образов. Показано, что система образов в художественном тексте одновременно отражает объективные отношения, существующие в изображаемой социальной действительности, авторскую позицию по отношению к этим отношениям, а также отношение автора к описываемой реальности и бытию.

**Ключевые слова:** художественный текст, художественный персонаж, система образов, художественный облик эпохи, художественный образ общества, авторская позиция, художественно-эстетическая концепция и др.

**Abstract**. The study provides a scholarly analysis based on concrete factual material, demonstrating that a literary character is portrayed in dialectical interaction with other characters of the work, thereby constituting the overall system of images. It is shown that the system of images in a literary text simultaneously reflects the objective relations existing within the depicted social reality, the author's stance toward these relations, as well as the author's attitude toward the described reality and existence.

**Keywords:** literary text, literary character, system of images, artistic image of an epoch, artistic image of society, authorial perspective, artistic-aesthetic conception, etc.

Көркөм – текст жумуру бүтүндүк. [1., 46-58-б.б.] Ошондуктан ага системалуу анализ керек. [2., 29-36-б.б., 3., 145-150-б.б.]

**Көркөм чыгармада сүрөттөлгөн каарман башка каармандар менен диалектикалык карым-катышта болот**. Ошентип, көркөм чыгармада бири-бири менен тыгыз байланыштагы жалпы образдар системасы жаралат. **Көркөм чыгармадагы образдар системасы көп багыттуу кызмат өтөөчү** (полифункционалдуу) **касиетке ээ.** [5., 67-69-б.б.] Маселен, **образдар системасы бир эле учурда сүрөттөлүп жаткан ошол коомдук жашоо-турмуштагы обьективдүү мамилелерди, аларга карата автордук көз карашты** (позицияны) жана **баяндалып жаткан чындыкка, болмушка болгон автордун мамилесин чагылдырып турат.** Мисалы: «Жамийланын эки атты башкарып, араба айдап кетишине мен эч кимөн санаган жокмун. Ал өзү кичинесинен жылкыда жүрүп өскөн, тээ боордо Бакайыр айлындагы жылкычынын кызы эле. Биздин Садык дагы жылкычы болуп жүрүп, жайлоодугу малчылардын тоюнда кыз куумайга түшүп, Жамийлага жетпей калган имиш, ошондон кийин намыстанып аны ала качып келгенин уккам. Андай эмес, экөө көңүлү менен кошулушкан деп да айтып жүрүштү абысын-ажындар. Эмнеси болсо да, алар үч-төрт ай эле бирге туруп, анан Садык акемди аскерге алып кеткен. Билбейм, балким, жаштайынан атасы менен бирге ой-кырда жылкы айдашып, ат чапкылап жүрүп, өктөм өскөнбү, анын үстүнө, жалгыз кыз бала экен, айтор, Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр кайраттуулук, эркекке таандык мүнөз бар эле. Ар бир ишке шамдагай киришип, башка келиндердей башым, белим дечү эмес. Анан өзү да бирөөгө жемин жегизбеген өжөр, айтышкан менен айтышып, тилдешкен менен тилдешип, ал тургай, бир-эки жолу келиндер менен тытышканы да бар. Жан-жакадагы жеңе-желпилер: «Э, ботом, бул кандай тыкчыңдаган келин эле! Эшик-төрдү көргөнүнө бир күн болбой жатып, тили менен тим эле буудай кууруйт!» – дегендерине апам: «Ошондоюу мейли! – деп, кайра жактай кетчү. – Келинибиз ошондой ачык-айрым, тайманбас… Адамдын ичи-койну ачыгы эле жакшы болот, – сасыткылар кайра ошол тымпыгыйлардан чыгат».

Атам менен беркu иштерман энем го, алар деги кайната-кайнене катарында Жамийланы кагып-силкпей, жай эле чын ыкласы менен эркелетишип: «Кудай өзүнө ынсап берсин, түз жүрүп, нээти бузулбаса эле болду!» – деп коюшчу. Өстүрүп чоңойткон төрт уулду аскерге жөнөтүп жиберип, эки үйдүн ортосунда колго кармап калган жалгыз келиндин көзүн карашабы, бирок мен апама таң калган жерим бар. Башканы мындай койойун, апам бирөөнүн көзүн карай турган киши эмес. Эски салтты койо бербей, атам өзү чапкан алты канат боз үйдү ар жылы жаз чыгары менен короого тигип, арча түтөтүп, кут сактап, бизди, баарыбызды тектүү, катуу тарбияда өстүрүп, башынан эки үйдү бийлеп келген апама үй-бүлө анын айткан дегени менен болушу керек. Ал эми Жамийла келери менен биздин арабызда айырмаланды. Ырас, ал энелеринен ийменип, аларды сыйлачы, бирок айылдагы көпчүлүк келиндердей болуп, үп этпей башын жерге салып, же болбосо тескери карай көгөрүп сүйлөбөй, өзү туура таап, айтам дегенин тартынбай айтып, ой-пикирин жашырчу эмес. Жүйөлүү болсо, апам көбүнчө аны менен макул, бирок ошондо да, акыркы ток этер сөздү ал оңой эле бирөөгө бере койбойт. Менимче, апам аны мүнөзүнүн күчтүүлүгү, адилеттүүлүгү жагынан өзүнө жакын, өзүнө тең болорлук көрүп, келечекте аны эки үйдүн башын коштуруп, очоктун ырыс-берекесин сактаган өзүндөй мыкты орун басар катарында калтырып кетейин деген ою бар болсо керек...» [4., 26-29--б.б.]

Алынган мисалдан көркөм чыгармада каармандардын бири-бирине эриш-аркак байланышта сүрөттөлгөнүн ачык байкоого болот. **Мисалда,** негизинен, **Жамийланын образына таандык көркөм маалыматтар берилген. Бирок ал көркөм маалыматтар башка каармандардын тутумунда** (фонунда)**, катарында, алар менен диалектикалык карым-катышта сүрөттөлгөн.** Баяндамадан Жамийланын «жылкычынын жалгыз кызы болуп», «атасы менен ой-кырда жылкы айдап», «ат чаап», «өктөм өскөн», «кайраттуу», «шамдагай», «башка келиндердей башым, белим дебеген» ден соолугу чың, «бирөөгө жемин жегизбеген өжөр», «айтышкан менен айтышып», «тилдешкен менен тилдешип», «тытышкан менен тытышып» кете ала турган чыйрак, тың, «өзү

туура таап, айтам дегенин тартынбай айтып, ой-пикирин жашырбаган», «шайыр», «бала кыял», «куду эле жаш кыздарча арыктан так секирип», «кайниси менен алышып, кубалашып ойной кеткен» жана «өзүнчө эле ырдап жүргөн» келин экенин байкайбыз. Негизги каарман **Жамийланын мына ушундай мүнөздөмөсү автор тарабынан чыгармадагы башка каармандар менен тыгыз карым-катышта, диалектикалык байланышта баяндалган**.

Маселен, **1. Садыктын образы менен байланышта сүрөттөлгөн**. Ушул эле баяндамадан Жамийлага кыз куумайда жетпей калып, намыстанып, аны ала качып аялдыкка алган Садыктын образы менен да кабардар болобуз. Аял затын сый-урмат менен, өзүнүн кудурет-мүмкүнчүлүгү, жигиттик наркы менен сүйдүртүп, арзытып турмуш курбаган, кур намыстын курмандыгы болгон, аялды күч менен ала качып алууга батынган Садыктын адамдык ички парасаты, моралдык-психологиялык элеси (портрети) автор тарабынан сөз арасында бир сүйлөм менен каймана туюндурулган. Салт боюнча, эгерде кыз куумайда жигит кызга жетпей калса, бул көрүнүш жигиттин физиологиялык дене түзүлүш турпаты жагынан да, моралдык-психологиялык жагынан да жетик эместигинен кабар берет. Ошондой эле анын кызга тең эместигин билдирет. Ал эми ошондой жигиттин кызды күчкө салып, ала качып алышы, ушундай жол менен турмуш курушу жигиттин аял затына карата урмат-сыйды билбеген ички дүйнөсүнөн, адам катары ичтен өсүп жетилбеген жан дүйнө абалынан жана кемтик таалим-тарбиясынан маалымат берет. Бул жерде Садыктын «кыз куумайда кызга жетпей калышы», «Жамийланы ала качып алышы» тууралуу көркөм деталдар бекер айтылбады. Алар улуттук, адеп-актык аң сезими боюнча Садыктын жетик эмес ички дүйнөсүн, ага байланыштуу жогоркудай маанилерди каңкуулап турат. Ошондой эле бул көркөм деталдардын артында Садыктын бүтүндөй образы камтылып, кыйыр көрсөтүлүп жатат.

**2. Сейиттин берки, иштерман энесинин, атасынын образы менен байланышта сүрөттөлгөн.** Учкай сөз түрүндө болсо да, бул баяндамада Сейиттин берки, кичи иштерман энесинин, кудайы момун атасынын образы да элестүү чагылдырылган. Алардын образы «Жамийланы кайната-кайнене катарында кагып-силкпейт», «жай эле чын ыкласы менен эркелетишет» деген көркөм деталдар аркылуу мүнөздөлгөн. Бул деталдар боюнча ой жүгүртсөк, аталган эки адам тең жөнөкөй, ичинде кири жок, ак эдил, ак пейил, нукура кыргыздык жан дүйнөдөгү айылдык, карапайым адамдар экенин байкайбыз. Келинге болгон мындай мээримдүү мамиледен улуттук, этнопсихологиялык жагдайларды, салт-жөрөлгөлөрдү жана нукура кыргыздык колоритти да сезүүгө болот.

**3. Сейиттин өз апасынын образы менен байланышта сүрөттөлгөн**. Бул баяндамада «эски салтты койо бербей бекем карманган», «бирөөнүн көзүн карабаган», «арча түтөтүп, кут сактаган», «балдарын тектүү, катуу тарбияда өстүрүп», «башынан эки үйдү бийлеп келген», мүнөзү күчтүү, адилеттүү, өктөм, нарктуу аял катары Сейиттин өз апасынын образы да оригиналдуу, жекече, өзгөчө эмоциялык-эстетикалык ыргакта сүрөттөлгөн. Ал Жамийланын ачык-айрым, тайманбас, эрки күчтүү сапаттарын колдоп, «ошондою мейли» – деп жактаган, оюнда келинин өзүнө окшош, тең санаган, турмушка бышкан, көрөгөч аял экени да Жамийланын мүнөзүн сүрөттөөдө автор тарабынан кошо жарыш баяндалган. «Ошондо да, акыркы ток этер сөздү ал оңой эле бирөөгө бере койбойт» деген көркөм деталга караганда Сейиттин өз апасынын образындагы психологиялык негиздер обочо. Ал аял – кайталангыс мүнөзү бар, жекече психологиялык өзгөчөлүктөргө ээ, башкаларга окшошпогон, өзгөчө инсан. Ушундай кыраакы аялдын Жамийлага карата баамы, көз карашы, мамилеси аркылуу да анын образы ар тарабынан ачылып, автор Жамийланын ички дүйнөсүн ар кырынан иликтеп жатат.

**4. Сейиттин образы менен байланышта сүрөттөлгөн.** Баяндамада Жамийла жеңесинин «куду эле жаш кыздарча арыктан так секирип, жүгүрүп кеткенин», «шаңкылдап» каткырып, «шайыр жүргөнүн» жактырган, өзү да жеңеси менен «алышып-күрөшүп, кубалашып кеткен», бала кыял, али турмуштан кагылып-согула элек, өспүрүм куракта болсо да, өтө зирек Сейиттин образы да башка каармандар менен тыгыз карым-катышта сүрөттөлгөн. Сейиттин көкүрөк чери жазылып,

шайырлыкты, оюн-күлкүнү сүйгөн, жеке ой толгоолору анын ички жан дүйнөсүндөгү мүдөөлөрдү чагылдырып турат. Ошондой ой толгоолордун жана кыялдардын болушу Сейиттин али токтоло элек, жаш, өспүрүм курагынан да кабар берет.

Жогоруда байкалгандай, бул **көркөм текстте каармандар бири-бири менен эриш-аркак, тыгыз карым-катышта жана бекем байланышта сүрөттөлгөн**дүктөн, **Жамийланын образы Садыктын, Сейиттин ата-энесинин, берки, иштерман апасынын жана Сейиттин өзүнүн образдарынын тутумунда** (фонунда) **табыгый сүрөттөлүп жүрүп отурат.**

Ушул эле **каармандар өзүлөрү жашап жаткан коомдун өзгөчөлүктөрүн, андагы коомдук мамилелерди кошо туюндуруп турушат**. Маселен, адамдын эркиндигин, махабат эркиндигин эске албаган, аялды ала качып алуу салтынын сакталышы жана бул жөрөлгөнүн коомчулук тарабынан кубатталып турушу ошо коом тууралуу, андагы моралдык-психологиялык, адеп-актык ал-абал тууралуу абдан көп маалыматтарды бере алат. Аял затынын ички сезими, ой-тилеги менен эсептешпей, аны күч менен мажбурлап турмуш курдуртуу – маданияттан, илим-билимден артта калган коомдун бир белгиси. Эскинин калдыгы сакталып, али күчүндө турган коомдук мындай көз караштан жана аял затына болгон мындай татыксыз мамиледен ошол коом тууралуу, андагы салт-жөрөлгөлөр, эч жерде жазылбаган, бирок чыныгы болмушта адам аткарууга мажбур болгон турмуштук мыйзам ченемдер тууралуу, жүрүм-турум, сүйлөө, башкалар менен карым-катнаш түзүү өңдүү жана башка маселелер боюнча буга чейин түзүлүп калган жагдайлар, чектөөлөр тууралуу кеңири маалымат алууга болот. Бул жагынан караганда, **көркөм чыгармада сүрөттөлгөн каармандардын образдары аркылуу алар жашаган коомдун элесин аңдап билебиз, ошо коомдун жалпы образын тааный алабыз.**

«Жамийла» повестинен алынган **бул мисалда XX кылымдын 40-жылдарындагы кыргыз коомчулугунун көркөм образы сүрөттөлүп баяндалган. Коомдун көркөм образы аялдарга жасалган мамиледен айкын көрүнөт.** Автордук идея бизди ушундай ойлорго түртөт. Автор ошо кездеги башка келиндерди Жамийлага жөндөн жөн салыштырбады. Жамийла «айылдагы көпчүлүк келиндердей болуп, үп этпей башын жерге салып, же болбосо тескери карай көгөрүп сүйлөбөй», өз оюн ачык айта албай, корунуп, тартынып, басынып турган башка келиндерге салыштырылды. Көпчүлүк келиндердин «үп этип үн чыгара албай», «башын жерге салып», адамга тике карай албай, «тескери карап», «сүйлөбөй» турушу ошол мезгилдин бир элесин көз алдыга келтире алат. Бир чети, аял затына болгон мындай мамиле ошол коом үчүн, ошол доор үчүн обьективдүү.

Ушул **сүрөттөөлөр**, коомдо **аял затына болгон орунсуз, татыксыз мамиленин көркөм-эстетикалык олутту маселе катары көркөм чагылдырылышы**, көркөм тексттеги чындыкка болгон **автордун, Ч.Айтматовдун мамилесин да кыйыр билдирип турат. Повесттин жалпы көркөм-этетикалык концепциясына караганда, автор ошол доордогу аялдарга карата болгон мындай жагымсыз көрүнүшкө терс мамиледе жана терс көз караштa** болгон. Ошентип, **көркөм текстте сүрөттөлгөн каармандардын образдарынан алар жашаган коомдун образын жана ал көрүнүштөргө карата автордун көз карашын, анын оң же терс мамилесин аныктоого да болот**. Бул жагдайлар дайыма көркөм чыгармадагы негизги каражаттар, көркөм деталдар аркылуу кыйыр туюндурулат.


**Адабияттар**

1. Өмүралиева С. Тексттин лингвистикалык теориясы. – Б., 2005. – 155 б.
2. Лотман Ю.М. Замечания о структуре повествовательного текста //Труды по знаковым системам. – Тарту, 1973. – Т.6. – Вып.308. – 98 с.
3. Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. – Б., 2000. – 268 б.
4. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: I том. Повестер, аңгемелер. /Түз. А.Акматалиев. – 3-бас. – Б.: «Улуу тоолор», 2014., 26-29-б.б.)
5. Маразыков Т.С. Текст таануунун теориясы. 2-китеп. – Б. 2014. – 111 б.